**ЖАКШЫ КӨРӨМ** сени +

с.Жылдызбек Турсунбаев
о. Алмас Муктар уулу
аткаруучу: Замир Саламатов, Эллада Асылбекова

ЖИГИТ:
Эстебейсиң, сен неге эстебейсиң?
Эркелетсем ашыкча кетпе дейсиң.
Сүйөсүң го, сүйбөсөң анда неге?
«Сүйгөнүм бол» дегенде жок дебейсиң?

КЫЗ:
Жакшы көрөм сени, жакшы көрөм,
Жарыгыңды башкага арнасаң да.
Жакшы көрөм сени, жакшы көрөм,
Жакшы көрүп өтөмүн ар качан да.

КЫЗ:
Кызганасың, сен неге кызганасың?
Кыйырыңдан билгизбей көз саласың.
Жолубузда зор бакыт күтүп турат,
Жоготуп алып көңүл сыздабасын.

ЖИГИТ:
Жакшы көрөм сени, жакшы көрөм,
Жолугууга кээ кезде келбесең да.
Жакшы көрөм сени, жакшы көрөм,
Жаш сүйүүмө жообуңду бербесең да.